Султанова Айжамал Абылкасымовнанын 10.02.01 – кыргыз тил илими адистиги боюнча «Кыргыз тилинде этиштин келер чак мааниларидеги өзгөчөлүктөр» деген темада филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына эксперттик комиссиянын мүчөсү катары Джаманкулова Кульжамал Тологоновнанын

ПИКИРИ

1. **Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Кыргыз тил илиминде этиштин аналитикалык формалары, анын ичинде чак мүчөлөрү боюнча маалыматтар окуу куралдарында, илимий эмгектерде берилип келе жатат. Ошого карабастан этиштин чак мүчөлөрү, алардын маанилери, карым-катышы, өзгөчөлүктөрү атайын илимий изилдөөнүн объектиси боло элек. А.А.Султанованын илимий иши мына ушундай актуалдуу темага - кыргыз тилиндеги келер чак маанилеринин өзгөчөлүктөрүнө арналган. Илимий иште кыргыз тилиндеги келер чак, анын айкын келер чак менен арсар келер чак түрлөрү, маанилери, аларды уюштуруучу грамматикалык каражаттары иликтөөгө алынат.

2. **Проблеманы изилдөөнүн абалы жана изилдөөнүн жаңылыктары.**

Бүгүнкү күнгө чейин кыргыз тилиндеги келер чактын маанилери, аларды уюштуруучу грамматикалык каражаттары атайын илимий иликтөөгө алына элек болчу. Азыркы кыргыз тилинде келер чак маанилеринин биринчи жолу илимий жактан изилдениши, алардын маанилеринин, грамматикалык каражаттарынын аныкталышы илимий иштин жаңылыктарына кирет.

3. **Изилдөөлөрдүн теориялык жана методологиялык жактан маанилүүлүгү.** Диссертациялык ишти аткарууда келер чактын маанилик жактан туюндурулушу, талданышы, анын лексико-грамматикалык жактан уюшулушунун бай тилдик факты-материалдардын негизинде иликтениши теориялык жактан маанилүү болуп эсептелет. Бул илимий ишти аткарууда кыргыз тилиндеги буга чейинки морфология, анын ичинде этиштин келер чак маанилери боюнча жарык көргөн теориялык эмгектер, илимий монографиялар диссертанттын изилдөө ишинде колдонулуучу илимий изилдөө методдорун аныктоого өбөлгө болгон. Этиштердин келер чак мүчөлөрүнүн изилденишинде байкоо жүргүзүү, салыштыруу, сыпаттама методдор колдонулган. Аталган методдордун колдонулушу - илимий иштин методологиясынын алкагынын кеңири экендигинен кабар берет.

КЫРГЫЗСКО-РОССИЙСКИЙ СЛАВЯНСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ
Входящий № 79
«15» 12 2023 г.

4. Диссертациялык иштин практикалык мааниси. Изилдөөнүн практикалык мааниси болуп, азыркы кыргыз тилинин материалдары боюнча кыргыз тилинде этиш сөздөрдүн келер чак маанилеринин ар кандай туюндурулган грамматикалык маанилик көрүнүштөрүнүн такталышы эсептелет. Иштин корутундуларын, тыянактарын, жыйынтыктарын кыргыз тилинин грамматикасынын жазылышына пайдаланууга, ЖОЖдор үчүн этиштик чак категориясы боюнча атайын курсту иштеп чыгууга болот.

5. Изилдөөчүнүн алдыга коюлган проблеманын чечилишиндеги салымы. Этиштин келер чак мүчөлөрүнүн азыркы кыргыз тилинин материалында терең изилдениши, этиштин келер чагынын маанилик жактан туюндурулушу, грамматикалык уюшулушу, диссертациялык иштин илимий натыйжалары изденүүчүнүн жеке салымы болуп эсептелет. Кыргыз тилинде келер чак маанилеринин уюшулушундагы лексико-грамматикалык каражаттардын милдеттеринин аныкталышы изденүүчүнүн жеке салымы катары каралууга тийиш.

6. Эксперименталдык жана көргөзмө материалдары. Диссертациялык иштин эксперименталдык жагы кыргыз тилиндеги келер чак боюнча талдоолорунан көрүнөт. Келер чак маселелери диссертациянын 3-бабынын 3.1, 3.3, 3.7, 3.11 бөлүмдөрүндө талданган. Келер чак маселелеринин туюндурулушу 3-баптын 3.2, 3.3, 3.11 бөлүмдөрүндө анализге алынган. Айкын келер чак маанилери 3-баптын 3.4, 3.6, 3.8 пункттарында, арсар келер чак маанилери 3.9, 3.10 бөлүмдөрүндө талдоого алынган.

7. Иштин жаңылыктары менен чыгарылган натыйжаларынын ишенимдүүлүгү. Диссертацияда кыргыз тилиндеги этиштин келер чак маанилеринин туюндурулушу, грамматикалык каражаттары боюнча уюшулушу боюнча талдоолор ынанымдуу (2.2, 3.3, 3.4, 3.4, 3.5, 3.6 ж.б.). Изилдөөлөр факты-материалдардын талданышы менен коштолгон. Талдоолордон чыгарылган натыйжалар жана тыянактар ынанымдуу (1.5, 2.5, 3.12).

8. Алынган натыйжалардын илимий-практикалык мааниси. Этиштин келер чак маанилеринин, анын арсар келер чак жана айкын келер чак маанилеринин туюндурулуш жана грамматикалык жактан уюшулуш маселелеринин илимий негизде атайын изилдениши – кыргыз тилинин грамматикасына салымын кошо турган жыйынтыктарды берүүгө багытталган. Изилдөөнүн практикалык мааниси - кыргыз тилинин факты-материалдарынын негизинде кыргыз тилинде этиш сөздөрдүн келер чак маанилеринин туюндурулушу жана грамматикалык жактан уюшулушунун аныкталышы

эсептелет. Иштин корутундуларын, таянактарын, жыйынтыктарын кыргыз тилинин грамматикасы боюнча окуу куралдарына колдонууга болот.

9. Диссертациянын мазмунун, тыянактарын баалоо. Изилдөө автордун өзүнө таандык илимий стилде ишке ашкан. Темага жараша факты-материалдардын тандалып алынышы, материалдардын сыпатталышы жана талданышы талапка жараша ишке ашкан. Изилдөөлөрдүн негизинде ар бир баптын аягында чыгарылган тыянактар, корутундулар диссертациялык иштин натыйжаларын чагылдырат. Автореферат диссертациянын жалпы мазмунун чагылдыра алат.

10. Илимий, стилистикалык жана логикалык өзгөчөлүктөрү. Диссертанттын этиштин чак мүчөлөрү боюнча изилдөөлөрү илимий стилде ишке ашкан. Этиштердин изилдениши негизинен салттуу методдорду (сыпаттама, салыштырма методдору) колдонуу менен аткарылган. Айкын келер чак жана арсар келер чактардын маанилик жактан туюндурулушу, грамматикалык жактан уюшулушу ырааттуу баяндалып, кеңири талдоого алынган.

11. Сын-пикир жана сунуштар. Диссертациялык ишке карата төмөндөгүдөй сын-пикирлерибиз бар.

1. Диссертациянын максаты, жаңылыктары, жоболору такталууга муктаж.

2. 1-баптагы 1.2. "Келер чактын жалпы тил илиминде көрүнүшү» (13-бет) деген пунктта тема ачылган эмес.

3. Диссертацияда Б.Орузбаеванын чак категориясы, т.а. этиштин өткөн чагы тууралуу, С.Кудайбергеновдун этиш сөздөр тууралуу эки монографиясы, Б.Юнусалиевдин лексикология боюнча эмгегиндеги унгу сөздөр тууралуу изилдөөлөрү иштин методологиялык негизи катары алынгандыгы, алардын диссертанттын эмгеги үчүн мааниси чоң экендиги айтылат (2.4, 48, 49-бб.), бирок иште Б.Орузбаеванын жана Б.Юнусалиевдин аталган темага тиешелүү материалдары иште анализге алынган эмес.

4. 3.2. «Этиштик унгулардын (негиздердин) өзүндө келер чактык маанилердин берилиши» деген бөлүктө кыргыз тилиндеги этиш сөздөрдүн өздөрүнүн лексико-грамматикалык маанилик табиятынын өзү эле грамматикалык келер чак маанисинде айтыла бере тургандыгы белгиленет (3.2). Диссертант «Жалпы эле түрк тилдеринде да этиш сөздөрдүн өзүнө тиешелүү касиети ушундай» деп, түрк тилдеринин сөздүктөрүнөн мисалдар келтирет (62-63-бб.). Бирок ошол эле жерде «Бирок түрк тилдеринин биринин да грамматикасында мындай ойлор айтылбай келет» (63-бет) деп жазат, бирок бул пикирин фактылар менен тастыктабайт.

5. Диссертацияда этиштин арсар учур чагынын чакчылдын *-а (-е, -о, -ө)* жана *-й* мүчөлөрүнүн грамматикалык формалар менен уюшулушу талданган (3.3, 68-71-бб.), бирок алардын жардамчы этиштер менен уюшулуш жолдору талданган эмес. Диссертант тарабынан этиштин чак маанилеринин *жат, тур, жүр, отур* сыяктуу жардамчы этиштер менен уюшулушу, андагы чакчылдын ролу эмгектерде изилденип жүргөндүгү учкай гана маалымданган. Мындай мисалдар иште да сейрек (*өйдө тур, оозун бур, жакшылап кой, мага кой жакшылап бак* ж.б.) учурайт (81,82,95-бб.).

6. Эмгекте этиштин арсар келер чагынын жардамчы этиштер менен жасалары каралган (3.11, 144-148-бб.), бирок алардын уюшулуш жолдору (*кылбас бекен, бармак да болуп жатат, эзгим келет, отуруп каларбыз* ж.б.) анализге алынган эмес.

7. Диссертацияда этиштин келер чак маанилери - айкын жана арсар келер чак маанилери боюнча окумуштуулардын (мисалы, К.Тыныстанов (56-б.), И.Абдувалиев (45-б.) берген классификациялары берилет, бирок диссертанттын өзүнүн классификациясы ачык-айкын эмес, аны иштин мазмунунан гана байкоого болот (3.4, 3,5, 3.6, 3.8).

8. Диссертант иштин илимий жаңылыгы катары «Чак категориясынын учур чагы жана келер чагынын уюшулушундагы жалпылык жана айырмачылык жактарынын ачып берилгендигин» (6-бет) белгилейт, бирок иште аталган жалпылык жана айырмачылыктар талданган эмес.

9. Баптардын бөлүмдөрүнүн көлөмдөрүндө айырмачылык чоң: 3.3.Келер чактын ыңгай маанилери аркылуу туюндурулушу (64-101-бб.), 3.4. Суроо маани -бы мүчөсү менен уюшулган келер чак маанилери (101-101-бб.) ж.б.

10. Корутундунун 11-пунктунда этиштин келер чагын уюштуруучу лексико-грамматикалык каражаттардын катарына *азыр, эртең, бүрсүгүнү, эмки жылы, аздан соң, бир аздан кийин* деген сыяктуу сөздөрдү да киргизүүгө болот деген тыянактын (155-бет) зарылдыгы жок, анткени этиштин келер чагынын жогорку сөздөр менен уюшулушу иштин мазмунунда жок, мындай мисалдар да иште сейрек учурайт (141,147-бб.).

11. Айрым бөлүмдөрдөгү материалдардын мисалдар менен жабдылышы (3.2, 58-64-бб.) өтө жарды. Диссертацияны орфографиялык, пунктуациялык катарлардан арылтуу зарыл/ Мисалы, *Мен киного барарым (Я пойду в кино)* (21-б.), *Мен эчкимден коркпойм! Эчкимдин алдында тизе бүкпөйм!* (94-б.) ж.б.

Диссертациялык ишти жогоруда көрсөтүлгөн мүчүлүштүктөрдөн арылтууга болот. Ошондуктан булар диссертациялык иштин жалпы баалуулугуна шек келтирбейт. А.А.Султанова тарабынан биринчи жолу кыргыз

тил илиминде буга чейин изилдене элек актуалдуу тема кыргыз тилинин факты-материалдарынын негизинде изилденип чыккан.

Жыйынтыктап айтканда, Султанова Айжамал Абылкасымовнанын 10.02.01 – кыргыз тил илими адистиги боюнча «Кыргыз тилинде этиштин келер чак маанилериндеги өзгөчөлүктөр» деген темада филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын айтылган сын-пикирлерди эске алуу менен коргоого сунуш кылууга болот.

Эксперттик комиссиянын мүчөсү - филология илимдеринин доктору,
профессордун милдетин аткаруучу К.Т.Джаманкулова

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин
кадрлар бөлүмүнүн башчысы А. Жайнакова

3-ноябрь, 2023-жыл

Эксперттик комиссиянын мүчөсүнүн колун тастыктайм.
Ок. кат.чы, ф.и.к., доц. Ибраимова Т.О.

АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИ...
...ГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВ.

...ОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
...ОВЛИСЬ ЗАВЕРЯЮ